| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>ЖАНЫ-АРЫК АЙЫЛДЫК<br>КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>ЖАНЫ-АРЫКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Жаны-Арык айылдык Кенешинин XXVIII-чакырылышынын**
**IX-кезексиз сессиясынын**
**Токтому №15/6**

Жаны-Арык айылы 2022-жылдын 4-октябры

**Жол алыс болуп жаш балдардын бала бакчага келүүсүнө кыйынчылык жаралгандан улам, Жаңы-Арык айыл аймагынын Кара-Шаар жаңы конушундагы айыл тургуну Б.Ш.Жапаровдун бардык шарты менен бала бакчага ылайыкталып салынган жеке менчик турак үйүнө бала бакча уюштуруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Жаны-Арык айыл өкмөтүнүн башчысынын сунушун карап, депутаттардын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Жаны-Арык айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Жол алыс болуп жаш балдардын бала бакчага келүүсүнө кыйынчылык жаралгандан улам, Жаңы-Арык айыл аймагынын Кара-Шаар жаңы конушундагы Супатай уулу Балбак көчөсүндөгү айыл тургуну Б.Ш.Жапаровдун бардык шарты менен бала бакчага ылайыкталып салынган жеке менчик турак үйүнө бала бакча уюштурулсун;
2. Бул жеке үй айыл аймагынын тургуну Жапаров Бектур Шайлообекович тарабынан бала бакча катары пайдаланууга өз эрки менен эч кандай аренда акы албай жана айыл өкмөтү менен эки тараптуу келишимдин негизинде 10 жылдык мөөнөткө берилип жаткандыгы эске алынсын. Бул убакыттын ичинде жеке турак үйдү менчик ээси жана анын жакын адамдары тарабынан кайра өздөрүнө кайтарып албай тургандыгы белгиленсин;
3. Айыл аймагынын тургуну Жапаров Бектур Шайлообекович менен эки тараптуу келишимдин долбоорун даярдалсын жана келишимге бардык шарттар, эки тараптын жоопкерчилиги жана милдеттери камтылсын;
4. Жаңы ачылуучу бала бакчанын штаттык бирдиктерин чечип берүү жагы Жумгал райондук билим берүү бөлүмүнөн суралсын;
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Карымшаковго милдеттендирилсин.

**Төрайым:** **М.Акматалиева**